## Партиялык турмуш

# ТОЮТ—МАЛ ЧАРБАСЫНЫН НАНЫ

Киров атындагы колхоздун коммунисттеринин жалпы партиялык чогулушу болуп өттү. Парткомдун секретары М. Абдыкеримов «Көп жылдык чөптөрдү жыйноонун жүрүшү жөнүндө» доклад менен чыгып сүйлөдү.

Докладчы партиянын XXV съезди советтик адамдардын дасторконун жогорку сапаттуу продуктылар менен жетиштүү камсыз кылуу максатында айыл чарба тармактарынын башкы милдеттерин аныктаган. Бүткүл өлкө боюнча онунчу беш жылдыктын төртүнчү жылдын түшүмү үчүн күрөш башталды.

Жакында мал кыштатуу аяктады. КПСС БК, СССР Министрлер Совети «1979—1980-жылдын мезгилинде мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүүнүн, 1979-жылда түшүм жыйноону, айыл чарба продуктыларын жана тоюттарды даярдоону камсыз кылуу боюнча мындан аркы чаралар жөнүндөгү» токтомду кабыл алышты.

Чарбадагы башкы тармак мал чарбачылыгы болуп эсептелет, азыркы мезгилдеги башкы милдет — тоюттарды толук даярдоо.

Өткөн жылы көп жылдык чөптөрдү жыйноону жаман өткөрүшкөн. 300 тонна сенажды төмөнкү сапатта даярдашкан, бул болсо сүт бадаларынын продуктуулугуна терс таасир эткен.

Колхоздун партиялык комитети жана башкармасы малдын кесек жана чыктуу тоюттар менен жетиштүү камсыздалбагандыгы мал чарбасынын өсүш темптерин токтото тургандыгын толук жоопкердик менен түшүнүшөт. Партиялык чогулуш тоютту ийгиликтүү даярдоого тоскоолдук кылып жаткан кемчиликтердин бардыгын принциптүүлүк менен ачып көрсөттү.

Үстүдөгү жылда чарбада адистештирилген тоют даярдоочу бригадалар түзүлгөн. Көп жылдык чөптөрдү жыйноо кандай өткөрүлүүдө?

План боюнча 1368 гектар чабылыш керек болсо, чындыгында 1041 гектар чабылган, анын ичинен 302 гектардын ордуна 254 гектар жашыл тоют чабылган. Пландагы 834түн ордуна сенажга 517 гектар аянттын чөбү чабылган. Тапшырмадагы 123түн ордуна 170 гектар аянттын чөбү даярдалган. Бар болгону 84 тонна гана витаминдүү чөп уну өндүрүлгөн.

Азыркы жаңы эки сүт комплекстеринде тоюттар ушул кезге чейин кол менен таратылууда. Сүт-товар фермаларында болгон техника моралдык жактан эскирип аны камырабастан жараксыздыкка чыгарып жатышкан абал түзүлгөн. 1970-жылы музоолорду сугаруу үчүн № 3 МТФга атайын жабдуу жеткирилген, бирок ал ушул күнгө чейин «өлүк жүк» болуп жатат. № 3 жана № 4 МТФлардагы сүт проводдору да иштебейт.

Тоют даярдоодо эмгекти уюштуруунун рационалдуу системасы, механизаторлордун иштеринин формаларын жана методдорун мындан ары өркүндөтүү маанилүү маселелерден болуп саналат.

Машиналарды рационалдуу пайдалануу, эмгекти айрым технологиялык операцияларга бөлүштүрүү, процесстерди аткаруудагы так келишкендик, технологиянын бардык талаптарын кылдат сактоо, тоют өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Быйыл колхоздун партиялык уюмунун алдында бардык колхозчу коммунисттердин эмгегин 17100 тонна кесек тоют, анын ичинен 4200 тонна чөп, 9400 тонна сенаж, 3500 тонна саман жана 1200 тонна витаминдүү чөп унун ийгиликтүү даярдагандай кылып уюштуруу милдети турат. Тоют даярдоо мезгилине колхоздун башкармасы үч отряд түзгөн. Жыйноочу кооперативдүү отряддарды түзгөн кезде техниканын канча экендиги жана жыйноочу жумуштардын көлөмдөрү гана эмес түшүмдүүлүк, жердин рельефи, участкалардын алыстыгы, жолдордун абалы сыяктуу маанилүү факторлор да көңүлгө алынган. Сапат маселесин азыркы талаптардын деңгээлине чейин көтөрүү үчүн чарбада адамдарды мыкты иштөөгө жана жогорку сапаттагы тоютту даярдоого сүрөгөн моралдык жана материалдык стимулдаштыруунун кыйла жаңы системасын түзүү керек.

Быйылкы жылдан баштап бардык бадалардагы саан уйлар жайында жана кышында активдүү жайылуу менен жыл бою колдо асыралат. Өнөр жайлык технологияны киргизүү — уйларды жыл бою колдо багууга өткөрүү — бекем тоют базасын түзмөйүнчө жана тоют даярдоону индустриализацияламайынча ишке ашпайт.

Талаачылыктагы кызматкерлер кыш мезгилинде малды толук рацион менен, жай мезгилинде жашыл тоюттун жетиштүү өлчөмү менен камсыз кылышып, бардык мал чарбасын өздөрү өндүргөн концентраттар менен толук канааттандыруулары тийиш.

Мындан бир ай мурда башкарманын жана партиялык комитеттин кеңири заседаниеси өткөрүлгөн, анда биринчи чабыктан тоют даярдоо маселеси талкууланган. Кабыл алынган чечим колхоздун адистерин тоют жыйноодогу жумуштарды ар тараптан уюштуруп, биринчи кезекте сенаждоону колго алууга милдеттендирген.

Чогулушта тоют даярдоого малчылардын жардам кылбагандыктары белгиленген.

Жаан көп жаап жатат, сенаждык массаны жаба турган пленкалар жок. Түзүлгөн ушундай абалды көңүлгө алып колхоздун башкармасы жана партиялык комитети бардык колхозчуларды жолдордун, арыктардын, бактардын бойлорундагы тоюттарды даярдоого мобилизациялоолору керек. Эгерде мындай кылынбаса анда коомдук мал тоютсуз калат.

Жарыш сөзгө чыгышкан инженер Ч. Чигиров, кырман башчысы Н. Егоров, бригадирлер К. Жабилов, А. Бобров, профкомдун председатели М. Рожкова. № 4 МТФнын башчысы М. Абдурахманов, № 1 МТФнын башчысы М. Кайтаев. № 3 МТФнын башчысы О. Станиславчук, башкы агроном В. Юсов, колхоздун председатели И. Никитишин мал баштарын жогорку сапаттуу тоюттар менен камсыз кылуу үчүн мындан ары көп жылдык чөптөрдү жыйноону кандай уюштуруу жөнүндө пикирлерин бөлүшүштү.

Кыргызстан КП Кант райкомунун бюросунун «Райондун чарбалары тарабынан мал чарба продукцияларын өндүрүүнү көбөйтүү боюнча иш чараларды уюштуруудагы орчундуу кемчиликтер жөнүндөгү» токтомун аткаруу боюнча экинчи маселе боюнча ОТФнын баштапкы партиялык уюмунун секретары А. А. Чижов доклад жасады.

Партиялык чогулуш талкууланган маселелер боюнча тоют даярдоону жана мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүгө жана сапатын жакшыртууга багытталган токтом кабыл алды.

**В. СЫСТЕРОВ.**